Ош облустук коомдук-саясый гезити

www.oshinfo.kg

Ош жаңырыгы

ГЕЗИТ 1938-ЖЫЛЫ 14-ОКТЯБРЫНДА НЕГИЗДЕЛГЕН: "КЫРГЫЗСТАН БОЛЬШЕВИГИ", "ЛЕНИН ЖОЛУ"

№18 [17014] ИШЕМБИ, 20/06/2026

БИШКЕКТЕ “ЧОЛПОНУМ” МЮЗИКЛИ ИЙГИЛИКТҮҮ ӨТТҮ



2-бетте

АЛИШЕР САТЫБАЛДИЕВ АТЫНДАГЫ «НАЙМАН» СУУ САКТАГЫЧЫ



4-бетте

БАШ-ДӨБӨ АЙЫЛ АЙМАГЫНДАГЫ ЖАҢЫЛАНУУ ЖАНА ӨНҮГҮҮ



5-бетте

Ооруну айыктырууга караганда аны алдын алуу жеңил



3-бетте

Жаңыланган облустук төрөт үйү, жамааттын маанайы жакшы



6-бетте

Облус жетекчиси Кара-Кулжа эли менен жолукту



КР Президентинин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлү Аманкан Кенжебаев Кара-Кулжа районундагы бардык айыл өкмөттөрүнүн эли менен жолугушуп чыкты.

Анда тургундар жер үлүшү жаатындагы маселелерди, авариялык абалдагы бала бакчаларды оңдоо, таза суу менен камсыздоо, электр энергиясынын үзгүлтүккө учурашы, пенсиялык стажды тактоо жана жер тилкелерине байланыштуу талаш маселелерди көтөрүштү.

Айрыкча, Алайкуу айыл өкмөтүнө караштуу жаңыдан түптөлгөн Ара-Булак айылына электр энергиясын жеткирүү маселеси көтөрүлдү. Бул боюнча облус башчысы маселени чечүү үчүн 125 даана электр мамычасын орнотууга жана кошумча 2 миллион сом каражат бөлүүгө көмөк көрсөтүлөрүн билдирди.

Мындан тышкары, Күйө-Таш айылынын жашоочулары тоолуу аймактар үчүн каралган пенсияга 45 пайыздык үстөк кошуу маселесин көтөрүшүп, ал жеринде чечилгени маалымдалды. Ошондой эле Алайкууга чек ара аймагы катары өзгөчө статус берүү демилгеси сунушталды.

Облус жетекчиси көтөрүлгөн маселелер боюнча тиешелүү мекеме-уюмдардын өкүлдөрүнө тапшырмаларды берип, мыйзам чегинде чечүү жолдору караларын белгиледи. Аманкан Кенжебаевдин эл менен жолугушуулары андан ары Чоң-Алай районунда уланды. Анда да жергиликтүү тургундар тарабынан социалдык көйгөйлөр көтөрүлүп, алардын айрымдары жеринде чечилди.

Гүлпери Жуматаева Ош облусундагы жалгыз «Алтын сертификаттын» ээси болду



Кара-Суу районундагы гимназиянын бүтүрүүчүсү Гүлпери Жуматаева 2026-жылы өткөрүлгөн Жалпы республикалык тестирлөөнүн (ЖРТ) жыйынтыгы боюнча 234 упай топтоп, өлкөдөгү эң мыкты бүтүрүүчүлөрдүн катарына кирди.

Билимди баалоо жана окутуу усулдары борбору 17-июнда жарыялаган жыйынтыкка ылайык, Гүлпери Жуматаева республика боюнча эң жогорку көрсөткүчкө жетишкен 55 бүтүрүүчүнүн бири болуп, «Алтын сертификат» алуу укугуна ээ болду. Ал эми Ош облусунан бул сыйлыкка татыган жалгыз бүтүрүүчү болду.

Расмий маалыматка ылайык, быйыл «Алтын сертификат» ээлеринин басымдуу бөлүгү Бишкек шаарынан чыкты. Тактап айтканда, борбор калаадан 34 окуучу эң жогорку жыйынтык көрсөтсө, Ош шаарынан жана Ош облусунан бирден бүтүрүүчү аталган сыйлыкка татыды. Мындан сырткары, Чүй облусунан 5, Ысык-Көл облусунан 4, Нарын облусунан 2, Баткен облусунан 3, Жалал-Абад облусунан 4 окуучу «Алтын сертификат» алышкан. Ошондой эле Россиядагы мектептердин бир бүтүрүүчүсү да бул сыйлыкка ээ болду.

Бишкекте “Чолпонум” мюзикли ийгиликтүү өттү



16-июнь күнү Бишкек шаарындагы Абдылас Малдыбаев атындагы Кыргыз улуттук академиялык опера жана балет театрында Кыргыз Республикасынын эл артисти, дастанчы-композитор Жолболду Алибаевдин 80 жылдык маараке сине арналган «Чолпонум» мюзикли ийгиликтүү көрсөтүлдү.

Рыспай Абдыкадыров атындагы Ош облустук филармониясынын чыгармачыл жамааты тарабынан сахналаштырылган мюзикл борбор калаанын көрүүчүлөрү тарабынан жылуу кабыл алынып, аншлаг менен өттү. Улуттук обон, сүйүү, сагыныч, тагдыр жана адамдык асыл сезимдерди камтыган чыгарма көрүүчүлөргө өзгөчө таасир калтырды.

«Чолпонум» мюзиклинин режиссёру – Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген артисти Назым Мендебаиров, либреттонун автору – Нуркыз Рыскул кызы, башкы дирижёру – И.Абдылдаев.

Мюзиклдин кезектеги көрсөтүүсү бүгүн, кийинки күнү дагы Абдылас Малдыбаев атындагы Кыргыз улуттук академиялык опера жана балет театрында өттү.

ЭМИ ӨЗГӨН ДЕВЗИРА КҮРҮЧҮ ДҮЙНӨГӨ ЭКСПОРТТОЛОТ

Өзгөндүн баалуу күрүчүнүн бренд катары дүйнөлүк рынокко чыгышы — чоң сыймык. Ак эмгектин акыбети кайтып, өзгөчө даамы жана касиети менен таанылган Өзгөн күрүчүн эми эл аралык стандартка ылайык таңгактап, дүйнө базарларына экспорттоого даңгыр жол ачылды. Жадагалса, ак таңдай акындарыбыз "Бапестеп баккан күрүчү — бренди болду дүйнөнүн!" деп ыр саптарына кошкон Өзгөн девзира күрүчүнүн арышы мындан ары дагы кеңеймекчи.

Жакында Өзгөн районунун Төрт-Көл айыл аймагына караштуу Макаренко айылында заманбап күрүч таңгактоочу логистикалык борбордун расмий ачылыш аземи болду. Иш-чарага Президенттин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлү Аманкан Кенжебаев, Өзгөн райондук мамлекеттик администрациясынын башчысы-аким Каныбек Апбасов жана жергиликтүү тургундар, аксакалдар, дыйкандар катышып, бул тарыхый саамалыкка күбө болушту.





Биргелешкен каржылоо — ири ийгиликтин башаты

Бул стратегиялык маанидеги объекттин курулушуна жалпысынан 14 миллион 790 миң 786 сом жумшалган. Долбоорду ийгиликтүү ишке ашырууда бир нече булактардан каражаттар топтолуп, бир жакадан баш, бир жеңден кол чыгарылган ынтымактуу иштин үлгүсү көрсөтүлдү.

Маалыматка ылайык, каржылоонун түзүмү Ош облусун өнүктүрүү фондунан 10 млн 225 миң сом, Өзгөн районун өнүктүрүү фондунан 2 млн 565 миң сом, Жергиликтүү бюджеттен 2 млн сом болуп бөлүнгөн.

Бул маанилүү объекттин курулуш иштери 2025-жылдын август айында башталып, кыска убакыттын ичинде, тактап айтканда, бүгүнкү күндө толугу менен сапаттуу аяктады. Курулуш иштерин мезгил талабына ылайык "Сансызбай" жоопкерчилиги чектелген коому (ЖЧК) жогорку деңгээлде аткарып тапшырды.

Дүйнөлүк стандарт: Суткасына 5 тонна даяр продукция

Заманбап борборду зарыл болгон алдыңкы технологиялар менен камсыздоо маселеси да өз нугунда чечилген. АРИСтин "CASA-1000" долбоорунун алкагында 6 миллион 800 миң сомго баалангган эң акыркы үлгүдөгү заманбап жабдуулар алып келинип орнотулду.

Жаңы ишке кирген логистикалык борбордо суткасына 5 тонна күрүчтү жогорку сапатта тазалоо жана өзгөчө вакуумдук таңгактоо иштери жүргүзүлөт. Вакуумдук таңгак продукциянын сапатын, даамын жана табигый касиеттерин узак убакытка бузбай сактоого кепилдик берет. Бул — эл аралык соода аянтчаларына чыгуунун эң башкы талабы.

Дыйкандардын мээнети акталат

Бул борбордун ишке кириши — жөн гана курулуш эмес, жергиликтүү дыйкандардын мээнетин баалоо, айыл чарбасын жаңы деңгээлге көтөрүү кадамы. Эми өзгөндүк дыйкандар өздөрү өндүргөн күрүчтү ортомчуларсыз, сапаттуу иштетип, даяр бренд катары түз ички жана сырткы рынокко чыгарууга ыңгайлуу мүмкүнчүлүк түзүлдү.

Бул логистикалык борбор Өзгөн күрүчүнүн дүйнөлүк аренадагы атын гана чыгарып тим болбостон, аймактын экономикасын чыңдоого, жаңы жумуш орундарын түзүүгө жана элдин бакубаттуулугун арттырууга чоң салым кошот деп ишенимдүү айтууга болот. Өзгөндүн берекелүү күрүчүнүн даамы эми дүйнөнү багындырсын!

А.МАТИЕВА.



Ооруну айыктырууга караганда аны алдын алуу жеңил

Ош шаардык ооруларды алдын алуу жана санитардык эпидемиологиялык көзөмөлдөө борборунун негизги милдети Ош шаарында жугуштуу жана жугуштуу эмес ооруларды алдын алуу, санитардык эпидемиологиялык көзөмөл жүргүзүү жана коопсуздук көрсөткүчтөрүн лабораториялык жактан иликтөө иш-чараларын аткаруу болуп саналат. Ошондой эле Ош облусу боюнча кызматтын иш аракетин координациялоо боюнча милдетин аткарат.

Биз жакында аталган мекеменин башкы дарыгеринин милдетин аткаруучусу Мамирасул Төлөнович Өмүрзаковго жолугуп, аны менен маектешип кайтканбыз.

-Мамирасул Төлөнович, сиздердин мекемеңиздердин иши көп тармактуу. Жоопкерчилик кайсы багыттарда көбүрөөк байкалат?

-Туура айтасыз, ишибиз көп тармактуу-алдын алуу, көзөмөлдөө, лабораториялык тастыктоо. Ага мисал катары айтсак, ичүүчү суунун коопсуздугун биз көзөмөлдөйбүз. Эгер сууга оору козгогуч бактерия түшүп калса, бүтүндөй шаар ууланып калышы ыктымал. Биздин кызматкерлер тарабынан, Ош шаарында 230 точкадан атайын түзүлгөн графиктин негизинде жума сайын суудан анализ алып, микробиологиялык жана санитардык-гигиеналык жактан 21 көрсөткүч боюнча иликтөө жүргүзүлөт. Эгер терс көрсөткүчтөр чыгып, ал кайра текшергенде кайталанса, суу чарбасына тиешелүү санитардык көрсөтмөлөр берилет. Өткөн жылы социалдык тармактарда Ош шаарындагы Увам каналында жугуштуу курч ичеги карын (холера) оруусунун айрым белгилери байкалгандыгы тууралуу маалыматтар жарыяланган. Биздин мекеме ага карата ишчараларды күчөтүп, аталган суудан күнүнө 14 точкадан ар он күн ичи суунун анализи алып, анын коркунучтуу эмес экендигин тастыкталган. Ал тууралуу тынчсызданууга негиз жок. Жарандардын арасынан бул оор менен ооруканага түшкөн жарандар катталган эмес. Бирок азыркы учурда кооптуу оррулар боюнча облустук жана Ош шаардык ведомстволор аралык комплекстик көп тармактуу иш план кабыл алынган, ага ылайык ар бир водомстволук мекемелер өз иш чараларын аткарышат. Инфекциялык көзөмөлдүн алкагында жеке ооруканалар, ийне саюу бөлүмдөрү, косметология, хижамаларга кан аркылуу жугуучу ооруларды алдын алуу боюнча көзөмөлдөнүп турат.

- Эбола вирустук инфекциясы жана хантавирустук оорулар биздин өлкөгө тарап кетпөөсү үчүн сиздердин мекеме кандай жумуштарды аткарып жатат?

- Бул багытта ведомосттор аралык атайын иш-план иштелип чыккан. Анын алкагында бул багытта жүргүзүлгөн иш-аракеттер күчөтүлгөн көзөмөлдө турат. Сырттан келген адамдардын ден соолугун текшерүү, аныктоо жумуштарын алып барылууда.

-Окурмандарга бул оорулар тууралуу маалымат бере кетсеңиз.

- Эбола вирусу -Дүйнөлүк саламаттыкты сактоо уюму эскерткендей, катуу кармаган, адамдын ички органдарынын иштебей калышына жана көп учурда өлүмгө алып келүүчү коркунучтуу илдет. Ал Африкада, Конгодо, жана Суданга катталган. Ал эми



хантавирусу чычкан, келемиш сыяктуу кемирүүчүлөр аркылуу жугуучу оруу. Ошондуктан ага олуттуу маани берүү зарыл, Биз баарына даяр турушубуз керек! Биздин мекеме мындан сырткары жүрөк кан тамыр, иоддун жетишсиздиги, темир кан сыяктуу жугуштуу эмес ооруларын иликтөө боюнча иш алып барат.

-Кийинки сөздү коопсуздук көрсөткүчтөрүн алдын алуу боюнча иш алып барган лабораторияларга бурсак, анткени, алардын чыгарган корутундулары сиздер аткара турган иш-аракеттерге багыт берет эмеспи.

- Лабораториялардын материалдык-техникалык базасын чыңдоо максатында Азия өнүктүрүү банкы тарабынан каржылануучу "Антибиотикорезистеттүүлүктү аныктоочу лабораториялардын потенциалын жогорулатуу" боюнча долбоорунун алкагында санитардык-бактериологиялык лабораториянын материалдык-техникалык базасын жакшыртуу боюнча капиталдык оңдоо иштери толугу менен жүргүзүлүп, эксплуатацияга берилди. 2026-жылы ушул эле долбоордун алкагында жаңы заманбап анализаторлордун келип орнотулду.



Кургак учуктун алдын алуу жана көзөмөлдөө боюнча Нидерландиянын Короолдук ассоциациясы (KNCV) эл аралык уюму жана саламаттыкты сактоо министрлигинин колдоосу менен субулуттук вирусологиялык лабораторияга буга чейин болбогон (6,8 млн. сомдук) жаңы заманбап секвенатор комплектиси алынды.

Лабораториялар тарабынан антимикробдук сезимталдык, клиникалык микробиология, вирустук гепатиттер, кызылча, кызамык ооруларынын ИФА-ыкмасы менен аныктоо, вирустук гепатиттерди ИФА жана ПЧР ыкмалары менен сандуу жана сапаттуу аныктоо иштери жүргүзүлүп келинет. Ошондой эле ПЧР ыкмасы менен сасык тумоо, курч респиратордук вирустук инфекциялардын 10 тибине, каронавирус SARS-CoV-2 (COVID-19) илдетин да ПЧР ыкмасы менен жүргүзүлүүдө.

Мите курттарды кандан аныктоо максатында ИФА ыкмасы ишке киргизилген (токсокароз, аскаридоз, лямблиоз).

Бажы биримдигинин тех.регламенттеринин жана КРнын Өкмөтүнүн 11.04.2016-ж. 201-токтому менен бекитилген СанПиНдердин талаптарынын негизинде жеке ишкерлер, мекеме-уюмдар, мамлекеттик жана жеке-менчик дарылоо-профилактикалык мекемелер, гемодиализ борборлору менен өндүрүштүк көзөмөл программалардын алкагында келишимдер түзүлүп, ичүүчү суу, абаа чөйрөсү, сүртүмдөр, продукция жана товарларды лабораториялык изилдөөлөрдөн өткөрүп, аларда микробиологиялык көрсөткүчтөр, санитардык-химиялык жана токсикологиялык көрсөткүчтөр, молекулярдык-генетикалык ыкма менен ГМО, радиометриялык ыкма менен радионуклид Цезий-137, хроматографиялык ыкмалар менен хлорорганикалык пестициддердин 9 түрү, микотоксиндердин



3 түрү, инверсиялык-вольтамперметриялык жана атомдук-абсорбциялык ыкмалар менен оор металлдардын 7 түрү, ошондой эле бир гана тузда эмес, башка азыктардын курамында да йодду аныктоо, өндүрүштүк ишканаларда жумушчу зона жана жабык имараттар зыяндуу химиялык заттардын 12 түрү (буулар жана газдар, чаң жана аэрозольдор), физикалык факторлордон 6 түрүнүн параметрлерин (өндүрүштүк ызычуу, микроклимат, абанын кыймыл тездиги, жарыктык, электромагниттик талаалар + өндүрүштүк жыштыктагы электромагниттик талаалар (50 Гц)) аныктоо менен лабораториялык кызматтар көрсөтүлүүдө.

Учурда санитардык-гигиеналык, санитардык-бактериологиялык жана субулуттук вирусологиялык лабораториялар ISO/IEC 17025 эл аралык стандарттын талаптарына ылайык аккредиттелди. Бул стандарттын талабы боюнча радиологиялык топ (Цезий-137 аныктоо боюнча) аккредитацияга даярдалып жатат.

-Биздин мекемеде беш багытта иш алып барган радиологиялык, бактериологиялык, мите курттарга каршы вирусологиялык жана санитардык-гигианалык лабораториялар бар. Ошондой эле бизде эл аралык деңгээлде аккредитациядан өткөн вирусологиялык лаборатория бар. Биздин мекемеде эмгектенген кызматкерлердин көпчүлүк бөлүгүн ушул тармакта иштегендер түзөт. Алар ичүүчү суунун (зарыл учурда агын суунун),тамак аш азыктарынын, калк керектөөчү каражаттардын тиешелүү көрсөткүчтөрүнө лабороториялык изилдөөлөрдү жүргүзүшөт.

- Санитардык-гигиеналык бөлүмгө да токтоло өтсөңүз.

-Бул бөлүмдө тамак-аш гигиенасы, жаш балдардын гигиеанасы, мектепке чейинки , мектептер жана эмгек гигиеанасы, коммуналдык гигиеанасы сыяктуу бөлүмчөлөр бар. Санитардык-эпидемиологиялык маселелер боюнча жеке жарандардын, объект, субъекттердин кайрылууларын, арыздарын кабыл алып, алар менен келишим түзүп, түзүлгөн келишимдин негизинде кайрылуулардын себептерине, түрлөрүнө жараша лабораториялык изилдөөгө жөнөтүлөт. Изилдөөнүн жыйынтыгы менен санитардык-эпидемиологиялык корутунду берилет. Андан тышкары жер тандоо маселери, мунапыс жерлер боюнча ж.б. санитардык талаптар, маселелер боюнча атайын базадан (Infodoks) келген кайрылуулар каралып жооп берилет, ошондой эле обьектинин курулушуна, багытынын өзгөртүлүшүнө жана ачылышына, санитардык-гигиеналык талапка шайкештиги тууралуу атайын үлгүдөгү, санитардык-эпидемиологиялык корутундусу берилет.

-Сиздердин мекемеде өз ишине жоп-керчилик менен мамиле жасаган, башкаларга үлгү болгон кызматкерлер көп эмеспи, алардын ысымдарын атай кетсеңиз.

- Бизде иштеген адистердин баары эле мыкты десем болот, ошентсе да талыкпай адистерди даярдап иштеп аткандар булар: коллективин өзү сүрөп иш алып барган Адахамов Б.А., ооруларды алдын алуу боюнча Ахмедов М.М., гигиена багыты боюнча КАлышева К.А., Жапарова Д.А. ж.б. Алардын баарын чогуу тарткан башкы врачтын орун басарлары Орозбаева С.М., Райимбердиев А. атасак болот.

Үстүбүздөгү жылы санитардык- эпидемиологиялык көзөмөлгө мароторий киргизилбедиби.

-Ошого байланыштуу мекеменин кызматкерлери тарабынан Ош шаарында жана Ош обусунун аймагында тамак-аш коопсуздугун камсыздоо боюнча санитардык агартуу мониторинг жүргүзүү жана түшүндүрүү сыяктуу алдын алуу жумуштары жүргүзүлүүдө. Себеби, жайкы мезгилде бул эрежелер сакталбаса ичеги карын оруулары күч алып кетишине эч ким кепил боло албайт. Биз багытта сиздердин "Ош жаңырыгы" гезити менен тыгыз кызматташып, мындан ары санитардык агартуу багытында материалдарды жарыялап турсак деген оюбуз бар. Ооруну айыктырууга караганда аны алдын алуу жеңил эмеспи

- Маегиңиз үчүн рахмат.

Материалды даярдаган: Төлөнбай АБДЫРАЗАКОВ.

АЛИШЕР САТЫБАЛДИЕВ АТЫНДАГЫ «НАЙМАН» СУУ САКТАГЫЧЫ

Мамлекеттик жана коомдук ишмер Алишер Сатыбалдиев атындагы «Найман» суу сактагычы жана каналдар тобу башкармасын Галбаев Дыйканбай Абдурахманович жетектейт.А. Сатыбалдиевдин ысмы Ош облусуна гана эмес, республикага чейин аты таанылган мыкты мамлекеттик кызматтарда эмгектенген инсан эле.Ош облусттук мамлекеттик администрациясынын башчысынын орун басары, Кара-Суу жана Ноокат райондук мамлекеттик администрацияларынын башчысы-аким болуп үзүрлүү эмгектенген. Андан кийин,Ош облустук суу чарба башкармасынын башчысы болуп, көп жылдар боюу эмгектенгендигин, суу чарба кызматында эмгектенгендердин эсинде калды. Мамлекеттик жана жооптуу кызматтарды так аткаргандыгы үчүн А.Сатыбалдиевдин ысымы «Найман» суу сактагычына берилгендигин бирге иштешкен жамаааты жана жогору жактагы жетекчилер колдошту.Көптөгөн шакирттерди чыгарды. Ал эми азыркы учурда болсо, Галбаев Дыйканбай Абдурахманович, А. Сатыбалдиев атындагы «Найман» суу сактагычы жана каналдар тобу башкармалыгын жетектеп келе жатат. Жогорку билимдүү.Көп жылдар боюу суу тармагында эмгектенген.2004-жылы «Найман» суу сактагычындагы участканын начальниги болуп иштеген. Райондук, областтык суу чарба башкармасынын башчысынын Ардак грамотасы жана баалуу белектери менен сыйланган.

Араван районундагы Төө-



Моюн айылдык Кеңешинин депутаты болгон.Өзүнүн ишин мыкты билген тажрыйбалуу адис. Үй-бүлөлүү.Жубайы экөө 6 перзентти тарбиялашып,эрезеге жеткиришти.

2026-жылдын февраль айынан бери «Найман» суу сактагычы жана каналдар тобу башкармасынын башчысы болуп эмгектенүүдө.Жамаатта 46 адам иштешет. Хамид Нарбаев, «Найман» участкасынын башчысы, Жумабай Карабаев, Кыргыз-Ата участкасынын башчысы, плотина участкасынын башчысы, Асылбек Маматов, туннелдин начальниги, Аким Сураппаев, башкы эсепчи, Адалат Кулназарова, кадрлар бөлүмүнүн башчысы,жетектөөчү адис, Дилдекан Бекенова, диспетчер, Назик Балтабаева жана техникалардын коопсуздугун сактоочу кызматкер, Айдарали Балтабаев жана башка кызматкерлердин аттарын сыймык менен атоого болот.



Быйылкы жылы суу сактагычта 21 млн. куб суу топтолду. Айрым дарыялардан суу аз келгендигине байланыштуу, суу сактагычка суу аз куюлду.

«Найман» суу сактагычтын узундугу 8 км.туурасы 2 км.орточо терендиги 9,35 м. жээктин узундугу 14,5 км. Плотинанын узундугу 265 м, плотинанын орточо бийиктиги 40,5 метрди түзөт. Долбоор боюнча алганда, туннелдин узундугу 181,5 м, гидрокурулманын суу өткөрүү сыймдуулугу долбоор боюнча 15,9 м^3 сек, гидрокурулманын учурдагы суу өткөрүү сыймдуулугу 6,5 м^3 сек. Суу сактагыч Араван районундагы «Төө-Моюн» айыл өкмөтүнүн аймагындагы дыйкандардын эгин талааларын сугат суу менен камсыздайт. Суу алуу булактары «Кыргыз-Ата» каналы, «Чили-Сай», «Апшыр-Сай» дарыялары кирет.

«Найман» суу сактагычы

Суу сактагычтын курулушу, Араван районундагы «Төө-Моюн» айыл аймагындагы эгин талааларындагы жерлерди өздөштүрүү үчүн курулган. «Пахтачы» совхозун түзүү долбоорлонгон. Иштөө мөөнөтү жөнүндө айта турган болсок, «Кыргыз-Ата» жана «Чили-Сай» системасы боюнча күндүн ысык мезгилинде, алардын режими катуу жана тез төмөндөөлөр менен мүнөздөлөт, сугарууга жетишпестик 14 м^3 сек. чейин жетет. Тактап айтканда, дарыялардын агымын күз-кыш мезгилдеринде эрте жазда сууну топтоо максатында суу сактагычты жана азыктандыруучу трактарды куруу долбоору иштелип чыккан.»Найман» суу сактагычында мезгил-мезгили менен иштеп турган Санги-Сай өрөөнүндө жайгашкан, Кара-Чатыр адырларынын ичинен бөлүнүп алынган жана Кербен-Көк-Жар аймагынан Кара-Чатыр кырка тоолору менен бөлүнгөн. Суу сактагычтын чөбүнүн жээгиндеги, жер астындагы суулар Санги-Сай суу сактагычынан 10-12 метр терендикте табылган.



Плотина бөлүмү

Плотина бөлүмү төмөндөгүдөй курулуштардан турат. 1. Суу сактагыч дамбасы. 2. Жумушчу суу чыгаруу. 3. Байланыштыруучу түзүлүштөр менен диверсиялык канал. 4. Туруктуу эксплуатациялык конуш жана жолдор байырлап турат. Найман суу сактагыч плотинасы топурактуу, аралаш типтеги тоголоктолгон, борбордук бөлүгү чоподон, таш-шагылдуу материалдан турат. Плотинанын абалы 9 баллдык сейсмикалык аймактарда туруктуу болот. Плотинанын кесилиши сырткы контуру боюнча бөлүү төмөнкү жантайыңкы тыгындар менен, 1204 белгиси менен 1194 белгиси-2,5 белгиси менен 1194 белгиси менен 1184 белгиси- 3,0 1184 белгиси менен 1174 белгиси менен 3,5. 1174. 1184-1174=4,0 1174-1162=2,0 (кам. Призма).

Тамандын жанындагы эңкейиштин туруктуулугун жогорулатуу жана анын призмасы жыртык таштан жасалган. Таш призманын бийиктиги 11,5 метрди түзөт. Призманын сырткы ачылышы 2,0 ичкиси 1,5 метрди, берманын туурасы 3 метрди түзөт. Таш призмасы денеси менен бир катмарлуу тескери фильтр менен айкалышат. Плотинанын эки тарабы тең тигинен 10 метрден кийин жасалат. Бермдердин туурасы 2,0 метр, плотинанын кырынын туурасы 6,- м. Максималдуу узундугу-265 метрди ээлейт. ПНГ-1201,6 м.МПГ-1202.).Плотинанын максималдуу бийиктиги-40,5 м. Суу сактагычтын пайдалуу сыймдуулугу-39,6 млн. м^3. Суу сактагычтын күзгүсү-4,2 км. м^3.

«Найман» суу сактагычындагы тоо этектерин бекитүү, плотинанын үстүңкү ачылышы, кырдан максималдуу суу горизонтуна



чейин курама бетон, плитанын өлчөмү 2,5 м.3. Бет жана шамал эрозиясынан сактоо үчүн, түбүнө өсүмдүк кыртышын чачып, беде себилген. Плотинанын кырына, бетон төшөлгөн жана парапет жасалган. Фильтрацияга каршы күрөшүү максатында плотинаны түзүүдө фильтрациялык сууларды бузуу үчүн плотинанын капталдарында цемзавес жасалып, төмөнкү жантайыңкы таманын бойлото таяныч призмасынын таманы менен дренаждык арык жасалган, туурасы -0,3 м. октордун ортосундагы туурасы-0,5м. коллектор орточо-0,5 м. арык- 0,3 м. суу алуу жумушу, суу чыгаруучу тоннель аркылуу жүргүзүлөт. Жумушчу суу чыгаруу 8,5 тен 15,2 м 3- сек. ашпоосу керек. Тоннель д-1,8 темир бетон шакекчелери менен капталган. Тоннелдин узундугу-181,5 метр, тоннелдин сарпталышын жөнгө салуу диаметри 2,7 метрди түзөт. Мунаранын бийиктиги 25,4 метр, мунаранын сөңгөгүнүн үстүңкү бөлүгүндө калканчтарды жана көпүрө кранын башкаруу механизмдери жайгашкан атайын стенд орнотулган. Жеткирүүчү каналдын узундугу 2360 метрди түзөт.

«Найман» суу сактагычтын техникалык абалы канааттандырарлык, ошентсе да жылдан-жылга нанос негизинен Апшыр-Сай каналынан көбөйүп турат, анда 700 метр келген бетондун акыркы бөлүгү 1991-жылы жуулуп кеткендигин айтып кетмекчибиз. Тоолорду көзөмөлдөө 2010-жылы суу ташкыны катуу болгондуктан,суу сактагыч максималдуу чеке же 1201,6 метрге чейин толтурулган. Суу сактагычты көзөмөлдөп өлчөөдө суунун көлөмү 34.000 млн. м^3 түзгөн.

А.Сатыбалдиев атындагы «Найман» суу сактагычы жана каналдар тобу башкармасындагы «ТМР» каналы 1966- жылы эксплуатацияга берилген. Каналдын узундугу 14,8 км, суу алуу булагы «Найман» суу сактагычы, сугаруу аянты 7785 га, гидропосттор-14 даана, суу курулмалары- 39 даананы түзөт. Ал эми «Найман» каналы болсо, 1966-жылы эксплуатацияга берилген. Каналдын узундугу 21,8 км. суу алуу булагы «Кыргыз-Ата» каналы жана Чили-Сай дарыясы.1966-жылда «Обводной», «Отводящий», «Апшыр-Сай» каналдары эксплуатацияга берилгендигин айтып кетмекчибиз.

Учурда, унаа өтүүчү көпүрөлөр экөө. «Найман» суу сактагычындагы сууну көздүн карегиндей сактаган, элин-жерин, Ата Мекенин ыйык коргогон, эр-азаматтар күнү- түнү көзөмөлдөшөт .Андыктан, «Найман» суу сактагычы элибиз үчүн өтө ыйык, таза сактайлы, мекендештер!

Б. Ысакова.



БАШ-ДӨБӨ АЙЫЛ АЙМАГЫНДАГЫ ЖАҢЫЛАНУУ ЖАНА ӨНҮГҮҮ



Мамлекеттин бүтүндүгү, өлкөнүн туруктуу өнүгүшү эң оболу айылдардан башталат. Жер-жерлерде элдин турмуш-шартын жакшыртуу, социалдык маселелерди өз убагында чечүү жана аймактын потенциалын көтөрүүдө жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын орду чоң. Бул багытта Өзгөн районундагы Баш-Дөбө айыл өкмөтү өзүнүн алгылыктуу иштери, так эсеби жана келечектүү пландары менен аймактагы алдыңкы айыл аймактарынын бири катары таанылып келет. Өлкө башчысы Садыр Жапаровдун аймактарды өнүктүрүү саясатын жеринде жигердүү ишке ашырып жаткан Баш-Дөбө айыл өкмөтүнүн башчысы Сагынбек Эрмекбаев баштаган командanын буга чейин аткарган иш-аракеттери жана алдыдагы пландары тууралуу сөз кылабыз.

Билимдүү жаштар — башкаруунун жаңы толкуну

Бүгүнкү күндө жергиликтүү өз алдынча башкаруу системасы заманбап көз караштагы, экономикалык жана юридикалык сабаттуу кадрларга муктаж. Бул жагынан алганда, Баш-Дөбө айыл өкмөтүнүн башчысы Эрмекбаев Сагынбек Калкожоевичтин басып өткөн жолу көпчүлүккө үлгү боло алат.

Ал 1992-жылы 9-майда Кара-Кулжа районунда туулган. Жаштайынан билимге өзгөчө дилгирленген Сагынбек Калкожоевич өлкөбүздөгү алдыңкы окуу жайлардын бири — Ош мамлекеттик университетинен үч багыт боюнча жогорку деңгээлдеги билимге ээ болгон: Финансы-юридикалык колледжин "Бухгалтердик эсеп, анализ жана аудит" адистиги боюнча артыкчылык диплому менен аяктаган. Бизнес жана башкаруу факультетинде ушул эле адистикти тереңдетип окуп, жогорку билимдүү экономист болгон. Юридикалык факультетин "Юриспруденция" адистиги боюнча бүтүрүп, укук коргоо жана мыйзамдуулук багытында да бекем пайдубал курган.

Мындай ар тараптуу билимдин айкалышы ага каржылык маселелерди так эсептөөгө жана укуктук алкакта туура чечимдерди кабыл алууга чоң өбөлгө түзүүдө. Учурда ал — Мамлекеттик жарандык кызматтын 3-класстагы кеңешчиси.

Тажрыйба — ийгиликтүү жетекчиликтин кепилдиги

Сагынбек Эрмекбаев эмгек жолун эң төмөнкү тепкичтен — 2011–2012-жылдары мекемеде маалыматтар базасынын оператору болуп иштөөдөн баштаган. Муну менен ал заманбап санариптик технологияларды мыкты өздөштүргөн. Кийинки жылдары каржы жана мамлекеттик башкаруу тармагында чоң тажрыйба топтогон. "Кыргызстан коммерциялык банкы" ААКнын Өзгөн филиалында Башкы адис, Ош облустук мамлекеттик архивинде Башкы эсепчи, КР Өкмөтүнө караштуу Курчап турган чөйрөнү коргоо жана токой чарбасы мамлекеттик агенттигинин Каржы-экономикалык башкармалыгында Жетектөөчү адис, Калкты каттоо департаментинин Ноокат жана Өзгөн райондорундагы аймактар аралык бөлүмдөрүнүн Башчысы кызматтарын жогорку жоопкерчилик менен аркалаган. Бул бай тажрыйба ага эл менен иштешүүнүн, ар кандай татаал кырдаалдарда туура башкаруунун мектебин үйрөттү.

Инфраструктура жана социалдык өнүгүү

Мына ушундай күчтүү кадрдык потенциал менен Баш-Дөбө айыл өкмөтү акыркы мезгилде инфраструктураны жакшыртуу, ички жолдорду оңдоо, таза суу жана сугат суу маселелерин чечүү багытында ири кадамдарды таштап жатат.



Жетекчинин негизги жумуштук принциптери — командада иштей билүү, ар кандай жумушка чыгармачылык менен мамиле кылуу, темирдей тартип, чынчылдык жана коммуникабелдүүлүк. Мунун натыйжасында айыл өкмөтүнүн аппараты бирдиктүү командага айланып, калктын социалдык-экономикалык көйгөйлөрүн ыкчам чечүүгө жетишүүдө. Айыл аймагындагы мектептердин, бала бакчалардын абалын жакшыртуу жана жаштарды колдоо иштери да жаңы жетекчинин өзгөчө көңүл борборунда.

Ийгиликтин сыры — эл менен бийликтин ынтымагында. Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун эң башкы принциби — бул ачык-айкындуулук. Баш-Дөбө айыл өкмөтүндө ар бир кабыл алынган чечим, бюджеттин чыгымдалышы эл менен биргеликте талкууланып, коомдук угуулар аркылуу ачык жүргүзүлөт. Мына ушундай таза ишеним жана кесиптик өсүүгө багыт алган жетекчилик бар жерде иштин берекеси болот.

Эсеп так, бюджет ашыгы менен аткарылды

Каржылык сабаттуулук жана бюджетти туура бөлүштүрүү — ар кандай ийгиликтин негизги пайдубалы. Кесиби боюнча экономист жана юрист Сагынбек Эрмекбаев жетектеген айыл өкмөтү 2026-жылдын биринчи жарым жылдыгында каржылык көрсөткүчтөр боюнча чоң секирик жасай алды.

Айыл өкмөтүнүн жалпы бюджети 21 476,7 миң (21 млн 476 миң 700) сомду түзсө, анын ичинен жергиликтүү кирешелер 5 931,8 миң (5 млн 931 миң 800) сомду түзөт. Учурда пландалган көрсөткүчтөр 123,9% га, ашыгы менен аткарылды. Жергиликтүү казынанын мындай ашыгы менен аткарылышы айылдагы көптөгөн социалдык маселелерди ыкчам чечүүгө жол ачты.

Социалдык инфраструктура жана коопсуздук: Жаңы бала бакчалар

Кеңеш айылында 60 орундуу заманбап “Майрамкан Апа” атындагы балдар бакчасынын расмий ачылышы болуп, наристелерге пайдаланууга берилди.

Бул эле эмес, наристелердин жана айыл тургундарынын коопсуздугу үчүн Кеңеш айылындагы көчөлөргө жана аталган “Майрамкан Апа” бала бакчасына заманбап көзөмөл камералары орнотулду.

Социалдык мекемелерди өнүктүрүү багытында кийинки кадамдар да ташталып, “Жаңы-Жол” жана “Күн-Мээрими” бала бакчаларын капиталдык оңдоп-түзөөдөн өткөрүү максатында сметалык долбоорлору ийгиликтүү даярдалды.

Күнүмдүк турмуш шарт жана чарбалык иштер

Элдин жашоо сапатын жакшыртуу максатында айыл өкмөтү тарабынан бир нече маанилүү чарбалык иштер каржыланды. Ички жолдорду коргоо: Таштанды ташпоочу жайлардын жолдорун иретке келтирип, унаалардын каттамына шарт түзүү үчүн шагыл төшөлдү.

Дыйкандарды колдоо: Жазгы айдап-себүү жана сугат иштерин үзгүлтүккө учуратпоо максатында, агын суу каналдарын тазалоочу техникаларга күйүүчү май сатылып алынды. Коопсуздук: Көчөлөрдөгү кооптуулук жараткан жолбун иттерди атуу жана тазалоо иштери жүргүзүлдү.

Санариптештирүү: Айыл өкмөтүнүн аппарат кызматкерлеринин калкка сапаттуу жана ыкчам кызмат көрсөтүүсү үчүн жаңы компьютердик кеңсе жабдуулары сатылып алынды.

Жол инфраструктурасы жана айыл чарбасы

Жөө жүргүнчүлөрдүн, өзгөчө мектеп окуучуларынын коопсуздугу үчүн жол жээктерине тротуарларды салуу иши кызуу жүрүүдө. Алсак, Кош-Коргон айылында 1 чакырымга жакын унаа жолуна, ал эми Кеңеш айылына 200 метр аралыкка заманбап жөө жүрүүчү тротуарлар жасалып, пайдаланууга берилүүдө. Баш-Дөбө айыл аймагында айыл чарба иштери өз нугунда жүрүп жатат. Быйылкы жылы жалпы 1047 га жерге кылкандуу дан эгилди (анын ичинен жаздык кайрак 962 га, күздүк 85 га сугат арпа жана буудай). Мындан сырткары, аймактын негизги байлыгы болгон шалы 420 га жерге, жүгөрү 630 га, жашылча 202 га, картошка 31 га жана көп жылдык чөптөр жалпы жонунан 295 га жерге себилди.

Алдыдагы ири пландар: Президент колдогон долбоор

Баш-Дөбө айыл өкмөтүнүн 2026-жылдын аягына чейин аткара турган иш пландары абдан масштабдуу. Алардын эң ириси — Кызыл-Кырман айылына ири муниципалдык мончо куруу долбоору. Жалпы сметалык баасы 58 000 000 сомду түзгөн бул ири долбоор КР Президенти Садыр Жапаровдун 2026-жылдын апрель айындагы эл менен жолугушуусунда жеке өзү тарабынан жактырылып, колдоого алынган.

Жыл аягына чейин аткарылуучу башка ири долбоорлор

Электрлештирүү: Көк-Таш жаңы конушуна электр чубалгыларын, мамычаларды жана трансформатор орнотуу үчүн акча каражаты бөлүндү.

Ишкерликти колдоо: Айыл өкмөтүнүн бюджетин көтөрүү максатында 0,80 га жер тилкесинин багыты өзгөртүлүп, конкурс аркылуу жеке ишкерге ижарага берилди. Ал жерде айыл чарбасына керектүү бетон продукцияларын чыгаруучу ишкана курулуп, жаңы жумуш орундары түзүлөт.

Жолдор: Кызыл-Кырман айылынын негизги унаа жолуна 1 чакырым аралыкка тротуар салынат. Бала бакчаларды жаңылоо: Жаңы-Жол айылындагы эски имарат толугу менен оңдолуп, бала бакчага айланат. Кызыл-Кырман айылындагы “Күн-Мээрими” бала бакчасы жана Кашка-Терек айылындагы “Жаңы-Жол” бала бакчалары заман талабына ылайык капиталдык оңдоодон өткөрүлөт.

Бул жасалып жаткан жана алдыда пландалган иштер Баш-Дөбө айыл аймагынын келечеги кең экенинен, бийлик менен элдин ортосундагы ишенимдин бекемдигинен кабар берет. Жаш, чечкиндүү жетекчи Сагынбек Эрмекбаев жетектеген күжүрмөн командanын ишине ийгилик каалайбыз.

А.МАТИЕВА.

Жаңыланган облустук төрөт үйү, жамааттын маанайы жакшы

1953-жылдын 15-сентябрда Кыргыз ССРинин Министрлер Кеңешинин N-845 "Кыргыз ССРиндеги дарылоо мекемелеринин курулушу жөнүндөгү токтому чыккан. Анда токтомдо Ош, Фрунзе жана Жалал-Абад шаарларында төрөт үйлөрүн куруу маселеси каралган. Кыргыз ССРинин саламаттык сактоо министрлигинин коллегиясынын N 21-протоколунун негизинде Ош областтык төрөт үйүн куруу чечими кабыл алынган. 1963-жылы Эмгекчилер депутаттарынын Ош шаардык Советинин аткаруу комитетинин 297-чечими менен 120 орунга ылайыктуу Ош областтык төрөт үйүн куруу үчүн жашыл аймактан 11 гектар жер тилкеси берилген. 1963-жылы июнь айында дагы жарым гектар жер аянты бөлүнүп берилген.



1968-жылдын 11-апрелинде төрөт үйү 250 орунга ылайыкташтырылып ачылып, Ош облусу караштуу 13 районду (азыркы Баткен жана Жалал-Абад кошулуп) тейлеп келген. 2000-жылы Манас реформасынын алкагында Ош областтар аралык бириккен клиникалык ооруканасынын төрөт стационары деп аталып, 145 орунга кыскарган. Жылына 4000 миң төрөт кабыл алууга ылайыкташтырылган.



Акыркы жылдары төрөт стационары жылына 9000ден ашуун төрөт кабыл алат. Бүгүнкү күндө 145 орундуу ООАБКО төрөт стационары: төрөт бөлүмү, реанимация жана анестезиология бөлүмү-9 орун,“ Эне менен баланын бирге болуу бөлүмү”- 80 орун, наристелер реанимация жана интенсивдүү терапия бөлүмү- 6 орун, жана гинекология бөлүмү-30 орун,, кош бойлуулар патологиясы бөлүмү- 35 орун сыяктуу 6 бөлүмдөн турат.

Операция обочосу жана параклиникалык бөлүмдөр: клиника биохимиялык лаборатория, борборлоштурулган стерилдөө бөлүмү, клиникалык дарт аныктоо бөлүмү, ашкана , кир жуучу бөлүм, дарыкана кампасынан турат. КММА, ОшМУнун жана медициналык колледждердин окуу-практикалык базасы болуп эсептелет.

Ош областтар аралык бириккен клиникалык ооруканасынын төрөт стационары ачылган күндөн баштап, түштүк региону боюнча акушер –гинеколог, неонатолог - дарыгерлердин киндик энелердин жана мээрбан эжелердин, окуу -усулчулук борбору болуп келет. Ал 2 баскычтагы оорукана эсептелип, түштүк аймагы боюнча ургенттик кызматты аркалап келишет. Төрөт стационарында 270 кызматкер эмгектенсе, алардын ичинен дарыгерлердин жалпы саны-45, атайын орто билимдүү адистер-120, Кенже жана чарбалык кызматкерлер- 105.

Бизде 2023-жылы 8355 төрөт кабыл алынса, бул көрсөткүч 2024-жылы 10436га жеткен. 2025-жылы төрөт стационарынын 1- имараты, борборлоштурулган стерилдөө бөлүмү, клиника диагностикалык бөлүмдөр капиталдык ремонтко жабылгандыгына байланыштуу, өткөн жылдын май айына чейин 3511 төрөт кабыл алынган. Негизинен төрөттөрдүн 75-80% ар кандай кабылдоолор менен жабыркаган кош бойлуулар.

Гинекология бөлүмүнө жыл сайын 3000ден ашуун бейтап жаткырылып, консервативдүү дарылоо, пландуу жана чукул операциялар жасалат. Жашы жете элек кыздар үчүн кыздар гинекологу иштеп, медициналык жардам көрсөтүлөт жана кенешмелер берилет.



Төрөт стационары 1968-жылы ишке кирген болсо, жыл сайын косметикалык гана ремонттор жасалып, 2013-жылы Турциялык TIKA компаниясы тарабынан 1-имарат косметикалык ремонттон өткөрүлгөн. Жарым кылымдан ашуун убакытта биринчи жолу мамлекеттик бюджет тарабынан 86 млн. сом каражат бөлүнүп, 1- имараттын айрым бөлүмдөрү реконструкцияланып, стационардын 1-корпусу, борборлоштурулган стерилдөө бөлүмү, клиника диагностикалык лаборатория жана кызматкерлердин кийим алмаштыруучу бөлмөлөрү толугу менен заман талабына ылайык оңдолуп, ремонт иштери жүргүзүлдү. Төрөт стационарынын жетекчилиги жайгашкан бөлүм жана конференция залы оңдоодон өтүп, заманбап жасалгаланып, талапка ылайык шарттар түзүлдү. Кабыл алуу бөлүмүндөгү холл кеңейтилип, ага кышында жылуулук берүүчү, жайында салкындатуучу жабдуулар орнотулду.

Мурда биз үчүн аябай көйгөй болуп келген канализация, санитардык түйүндөр, жылытуу системалары, электр жабдуулары жана чатыры толугу менен жаңыланды. Бул жерде айта кете турган нерсе, төрөгөн энелер жаткан палаталар талап кылган стандартка туура келген эмес. Ремонттон кийин эне менен бала жаткан палаталар белгилүү даражада стандартка жооп бере турган абалга ылайыкталды. Мурда 2-кабатта жайгашкан төрөт бөлүмүндө 100дөн ашуун аял жатса да, мында болгону 2 гана санузел бар болчу. Азыр анын саны көбөйдү. Жуунчу жай киргизилди. Палаталарды чоңойтуп, төрөгөн аялдарга ыңгайлуу шарттар түзүлдү. Бул жерде баса белгилеп өтүүчү жагдай, төрөт бөлүмүнө демөөрчүлөр тарабынан лифт коюлду. Бул төрөгөн аялдар жана ымыркайлар үчүн абдан ыңгайлуу шарт түзүлүп, жаңы төрөлгөн ымыркайдын үшүп калуу тобокелчилиги жоюлду дегенди билдирет.



Төрөт үйү облустар аралык бириккен клиникалык ооруканасы болгондуктан бизге Ош, Жалал-Абад, Баткен областынан оор абалдагы боюнда бар энелер атайын багыттама менен келишет. Демейде, ден соолугу чың энелер төрөттөн кийин 48 же 72 саттан кийин үйлөрүнө чыгарылат. Бирок, бизге келгендердин абалы оор болгондуктан, көпчүлүгүн бир жума жаткырганга мажбурбуз.

Мурда операциялык блокто 2 гана оперция жасоочу жай болгондуктан, дарыгерлерибиз жумуш күнү аяктаса да кош бойлуу аялдарга операция жасоо үчүн түнкү саат 10-11ге чейин калып калчу. Капиталдык ремонттон кийин дагы бир операциялык блок ачылды. Заманбап медициналык жабдуулар менен жабдылды.

Ош облустар аралык бириккен клиникалык ооруканасынын төрөт стационарынын жогоруда айтылган имараттарынын капиталдык оңдоодон сапаттуу өтүшүнө Ош облустар аралык бириккен клиникалык ооруканасынын директору Атабек Жумалиевдин аракети, кошкон салымы чоң экендигин баса белгилеп өтүү зарыл.

Азыркы учурда жамааттын маанайы жакшы. Алар төрөт үйүнө келген бейтапты чогуу карап, чогуу дарылайт. Бизге келген “ар бир келген эне жакшы маанай менен чыкса”, Эне аман, бала аман!” деген девиз менен эмгектенишет.

Жазгүл Жолдошова,
Ош облустар аралык бириккен клиникалык ооруканасынын төрөт стационарынын башкы дарыгери

ТОРГ

Юридическая компания «Люкс Консалт» выражает свое уважение и просит опубликовать объявление, следующего содержания:

«ОсОО «Люкс Консалт» объявляет о проведении повторных судебных публичных торгов в форме открытого аукциона, которые состоятся "24" июля 2026 года в 14:00 ч. по адресу: Ошская область, Кара-Сууйский р/н, Нариманиский айыл акмак, с. Нурдор, ул. Юлдашева №120

На торги выставляется заложенное имущество:

ЛОТ Жилой дом (земля и строение), полезной площадью 132,04 кв.м., жилой площадью 111,07 кв.м., расположенный на земельном участке мерою 796,8 кв.м., находящееся по адресу Ошск. Обл., Кара-Суйский р/н, с/у Нариман, с. Нурдор, ул. Юлдашева №120, принадлежащий на праве собственности Юлдашовой Кандалатхан, на основании пост. с/у Нариман №1957 от 04.04.2002 г., гос. Акт серии ЧN№171678 ОТ 31.10.2008 г., ИК 5-04-11-1012-0465.

Стартовая цена заложенного имущества составляет 6 966 000 (шесть миллионов девятьсот шестьдесят шесть тысяч) сом.

Для участия в повторных судебных публичных торгах необходимо внести гарантийный взнос – 1 % от стартовой стоимости – на р/с 1110002000041858 БИК 111006 ЗАО «Банк Азии» до начала проведения публичных торгов. Имущество реализуется в сомах.

Выигравшим повторные судебные публичные торги на открытом аукционе признается лицо, предложившее наиболее высокую цену за продаваемое имущество. Покупная цена подлежит внесению в течение пяти банковских дней за вычетом суммы, внесенного гарантийного взноса после проведения торгов.

Сведения об Организаторе торгов:

ОсОО «Люкс Консалт», адрес: г. Бишкек, пр. Ч.Айтматова, д. 14, кв. 41, тел. 0-(312) 56-88-25, 0-(772) 30-30-32, р/с в сомах 1110002000041858, БИК 111006 ЗАО «Банк Азии», код ОКПО 29403204, ИНН 01603201610167.

Жараксыз деп табылсын

2020-жылы Кыргыз-Өзбек Университети тарабынан Валиева Нилуфар Рахматуллаевнага берилген УБ № 200282339 каттоо № 285 сандуу дипломунун түп нускасы жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

ххх

2008-жылы Ош технологиялык университети тарабынан Жээнбекова Наргис Токтомушовнага берилген СД № 100300583 каттоо № 824 сандуу дипломунун түп нускасы жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

ххх

2016-жылы Ош Технологиялык Университети тарабынан Нармамат кызы Ферузага берилген дипломунун түп нускасы жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

ххх

2012-жылы ОшМУнун медициналык колледжи тарабынан Абдисалам кызы Адинага берилген СС № 120145030 каттоо № 2668 сандуу дипломунун түп нускасы жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

ххх

1982-жылы Атакулова Раного Жалал-Абад медициналык училищасы тарабынан берилген ДТ № 370286 сандуу дипломунун түп нускасы жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

ххх

2018-жылы ОшМУ тарабынан Пазилова Нигора Алиевнага берилген дипломунун түп нускасы жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

ххх

2003-жылы ОшМУ тарабынан Абдыкалыкова Чынаргүл Абдипаттаевнага берилген ЕВ № 64108 катоо № 444 сандуу дипломунун түп нускасы жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

ххх

2012-жылы Ош соода экономикалык колледжи тарабынан Фахридин кызы Алтынайга берилген СС W120067640 каттоо № 12355 сандуу дипломунун туп нускасы жоголгонуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

ххх

2021-жылы ОшМУнун медицина факультети тарабынан Байгазиев Азизбекке берилген ТВ № 210030890 каттоо № 688 сандуу дипломунун түп нускасы жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

ххх

1998-жылы ОшМУ тарабынан Маматалиева Гулмира Ирисбаевнага берилген ГВ № 10383 каттоо № 670 сандуу дипломунун 2 барак тиркемеси жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

ххх

2021-жылы ОшМУ тарабынан Майсалбек кызы Жазгүлгө берилген ТС № 210097399 каттоо № 210 сандуу дипломунун түп нускасы жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

Жарыя жокко чыгарылсын

23.05.2026-жылдын 15-санына чыккан Шакенов Өмүрбек Санжарбековичтин Ош мамлекеттик юридикалык институтунун 2020-жылы колледжин аяктагындыгы тууралуу берилген диплому жана ОшМУнун Бакалавр даражасынын нускалары жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын деген жарыя дипломдор кайра табылгандыгына байланыштуу жокко чыгарылсын.

Сынак

Жоош айыл өкмөтүнүн Кум-Арык айылындагы МТФ участкасынын №102

контурунда жайгашкан жалпысы 0,83 га муниципалдык жер аянты

(Идент.коду: 5-04-05-1001-1085) ачык сынак аркылуу ижарага берилет.

Сынактын өткөрүлүүчү жайы Жоош айыл өкмөтү, Кум-Арык айылы, К.

Адышев көчөсү №6. Байланыш телефондору: +996 556989394

Тендер

Тендер: ОсОО «Азия Органикс» объявляет закупку

В рамках проекта ПРЭР (финансирование АРИС) приглашаем поставщиков подать котировки на:

Лот №1: Малотоннажный грузовой автомобиль Chevrolet Labo — 1 шт. (для фермера ЦДС «Шоковая заморозка, хранение фруктов и ягод»).

Заявки принимаются до 14:00, 04 июля 2026 г. на e-mail: asia.organics.kg@gmail.com.

Техзадание и условия: г. Ош, ул. Осконалиева, 5.

Тел.: +996 550 480 045.

Аукцион

Ала-Тоо айыл өкмөтүнө караштуу Ачы участкасындагы муниципалдык менчиктеги 3000, 0 м. квадрат жер тилкеси (кой короо, чабандын үйүнүн орду) сатуу жолу аркылуу аукционго коюлат. Аукцион жарыя гезитке чыккан күндөн тартып бир айдан кийин айыл өкмөтүнүн кеңсесинде өткөрүлөт. Байланыш номери: 0-558-68-08-11, 0-771-12-22-60.

Аукцион

Отуз-адыр айыл аймагынын Отуз-Адыр айылында жайгашкан муниципалдык менчиктеги эски урук заводдун складынан 0.20 га. жер аянты аукцион аркылуу ижарага берилет.

Аукцион 2026-жылдын 8-июлунда саат 11-00 дө Отуз-Адыр айыл өкмөтүнүн кеңсесинде өткөрүлөт.

МИНИСТЕРСТВО ВОДНЫХ РЕСУРСОВ, СЕЛЬСКОГО ХОЗЯЙСТВА И ПЕРЕРАБАТЫВАЮЩЕЙ ПРОМЫШЛЕННОСТИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

АГЕНТСТВО РАЗВИТИЯ И ИНВЕСТИРОВАНИЯ СООБЩЕСТВ (АРИС)

ЦЕНТР КОНКУРЕНТОСПОСОБНОСТИ АГРОБИЗНЕСА (ЦКА)

Приглашение к участию

Центр конкурентоспособности агробизнеса (ЦКА) приглашает принять участие в открытом предварительном отборе претендентов на роль лидера и участников Продуктивного партнёрства в рамках формирования продуктивных партнёрств по развитию цепочек добавленной стоимости в агропромышленном комплексе, а также на предоставление грантовых средств для развития сельской инфраструктуры в зонах реализации проекта.

Отбор проводится в рамках реализации проекта Всемирного банка «Региональное экономическое развитие» (ПРЭР) в Ошской области и городе Ош.

Дата и время начало приёма заявок: «20» июня 2026 г. (с 9:00 ч/м).

Дата и время окончания приёма заявок: «31» октября 2026 г. (до 17:30 ч/м).

Общие сведения о Проекте и Компоненте 2 (Продуктивные партнерства).

Целью проекта является оказание поддержки Получателю в усилении регионального экономического развития путем целенаправленных вмешательств в выбранных секторах в Ошской области и г. Ош.

В рамках Компонента 2 ПРЭР предусматриваются мероприятия по усилению цепочек добавленной стоимости, что будет способствовать развитию партнерских отношений между сельскохозяйственными предприятиями и малыми сельскохозяйственными производителями для финансирования целевых инвестиций подпроектов, которые улучшат качество и увеличат объемы производства / переработки.

Проект будет использовать подход по развитию цепочки добавленной стоимости, способствуя развитию продуктивных партнерских отношений на основе спроса в ходе реализации. Продуктивные партнерства будут охватывать несколько групп производителей в одной и той же цепочке добавленной стоимости, в том числе фермеров, сборщиков, переработчиков, торговцев и экспортеров. Каждое партнерство будет регулироваться рамочным соглашением и подписываться ведущей группой производителей и покупателем/агрегатором или перерабатывающим предприятием и другими соответствующими участниками.

В рамках ПРЭР будет оказана поддержка всем цепочкам животноводческой и растениеводческой отрасли Ошской области и города Ош, в зависимости от анализа цепочки добавленной стоимости, который должен проводиться в начале проекта, и который способствует конкурентоспособности и экспортной ориентации в ЦДС. Возможные приоритетные ЦДС:

- молочная продукция (все виды молока – коровье, овечье, козье, кобылье),
- красное мясо и мясная продукция,
- шерсть (мериносной овцы, шерсть и пух яков),
- птицеводство
- мед и продукция пчеловодства.
- плодоводство: семечковые, косточковые
- ягодные культуры
- зернобобовые, кормовые культуры
- масличные культуры
- шелководство
- овощи и бахчевые
- хлопководство
- органическое сельскохозяйственное производство в сфере растениеводства и животноводства
- и другие, приемлемые направления в рамках создания ЦДС

Приемлемые кандидаты:

Участниками конкурса могут быть: все виды организаций и индивидуальных предпринимателей с соответствующей юридической регистрацией, работающие в отдельных сферах сельского хозяйства и пищевой промышленности в Ошской области и города Ош, включающие: индивидуальных предпринимателей, различных видов кооперативов, фермерских групп, ОсОО, ассоциаций и союзов, а также других организаций, за исключением неправительственных организаций и фондов.

Направления целевого инвестирования:

1. Сорта с доказанной высокой урожайностью и другими желательными характеристиками

2. Новое оборудование (технологическое оборудование, а также тракторы), включая производство и переработку, послеуборочную обработку и обработку, хранение и обслуживание, лабораторию (включая передвижные и специальные машины и оборудование), упаковку и сортировку, контроль качества, оборудование технических линий для повышения качества продукции и увеличения объемов;

3. Оборудование для технологического переоснащения, имеющегося (старого) оборудования;

4. Внедрение системы менеджмента безопасности пищевых продуктов, включая внедрение всех этапов (обучение, внедрение систем (HACCP, ISO, органическое производство, все виды передовой практики, другая соответствующая техническая поддержка и т. д.));

5. Получение местных и международных сертификатов, утвержденных международными организациями.

6. Закупка услуг по маркетингу и брендингу (включая разработку товарного знака и дизайна продукта (а также упаковки) и др.);

7. Техническая помощь и обучение для производителей и других услуг по обеспечению качества, борьбе с вредителями и болезнями и улучшению безопасности пищевых продуктов.

8. Предоставление инвестиционной помощи в виде товаров, услуг на грантовой основе органам местного самоуправления, местным сообществам, айыл окмоту, муниципальным и государственным учреждениям, иным предприятиям и учреждениям, находящихся в ведении Министерства сельского, водного хозяйства и развития регионов Кыргызской Республики для восстановления общественной инфраструктуры, имеющей решающее значение для функционирования выбранных цепочек добавленной стоимости.

Продуктивное партнерство будет определять инвестиционную программу и последовательность реализации мероприятий будет определяться конкретным предложением о партнерстве.

Прием заявок и консультации по адресу:

Региональный офис Центр конкурентоспособности агробизнеса (ЦКА) г. Ош

г. Ош, ул. Масалиева, 73, 3 этаж, каб, 21

Тел: +996 (770) 817 817,

E-mail: abdibaliev@agromarket.kg копия: esenaliev@agromarket.kg

Ош жаңырыгы
Ош облустук коомдук-саясий гезити

УЮШТУРУУЧУ:
Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлиги

Башкы редактор:
КАРАКОЗУЕВ Асанбек Курманбекович

Жооптуу катчы:
Канымжан Кыдыралиева

Нөөмөтчү
А. Матиева

Гезит Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинде катталган.
Катталуу күбөлүгү
213623-3310-У-е
Жазылуу индекси:
68420

Реквизиттер:
ИНН: 02401202310360
ОКПО: 31708371
ОАО "Айыл Банк"
Бик: 135033
Р/эсеп: 1350470020053657

Дареги:
723500, Ош шаары,
Курманжан датка көчөсү, 209-үй.

Жарыяланган макалалар редакциянын толук көз карашын билдирбейт.
Жарыя-жарнамалардын текстине редакция жооп бербейт.
Кол жазмалар кайтарылбайт.

Байланыш:
Кабылдама: **7–13–34**
Жооптуу катчы: **7–10–02**
Жарнак бөлүмү: **7–11–31**
E-mail: **oshjangaz@gmail.com**

Гезит редакциянын компьютердик комплексинде терилип, жасалгаланды.
"Принт Мастер" ЖЧКсынын басмаканасында басылды. Бишкек шаары, Анкара көчөсү 1г
Көлөмү А3 - 2 басма табак
Тел: 0 (312) 53-00-00

Буюртма №: 680
Нускасы: 1900

Абдужапар уулу Канатбек:

“МАНЖУРЧА МААЛЫМАТТАР - МААНИЛҮҮ БУЛАК”

Биз жакында Кытайдагы тарыхый булактарда кыргыздар тууралуу жазылган маалыматтарды изилдеп жүргөн тарых илимдеринин доктору, жаш илимпоз, жердешибиз Кыргыз Ата айылы аймагындагы Борко айылында туулуп, өскөн Абдужапар уулу Канатбек менен маектешип кайткан болчубуз .

- Канат мырза, кеп төркүнүн Кытайга барып, илим изилдеп калууңуздун себебинен баштасак.

- Негизи мектепте окуп жүргөн мезгилимде тарыхка анчейин деле кызыгуум жок болчу. Ошондой болсо да тарыхтан сабак берген Мухтар Жайлообаев агайыбыз тарых кызыктуу предемет экенин көп айтар эле. Айрыкча жигиттерди ушул сабакка көбүрөөк тартууга аракет кылчу. Бирок ошол учурда бул нерсеге анчейин маани берген эмес экенмин. Кийинчерээк тарыхка болгон кызыгуум артты. Анын үстүнө тагдыр насип кылып жогорку окуу жайды аяктаган соң Кыргыз-Түрк “Манас” университетинде иштеп калдым. Ошол жерде чындап тарыхка кызыгуума сиз айтмакчы эбептер да, себептер да болду. Ал университеттеги т.и.д. проф. Анвар Мокоев, т.и.д. проф. Жээнбек Алымбаев, т.и.к. проф. Мурат Кожобеков, т.и.к. проф. Кубатбек Табалдиев ж.б. агайларыбыз кытай тарых булактарында кыргыздар тууралуу жүздөгөн, балким миңдеген тарыхый маалыматтар чаң басып жаткандыгын көп айтышар эле. А тургай кытай тилин билген адис катары сен ушул нерсеге кол уруп көрбөйсүңбү дешип мага багыт беришчү. Ошондуктан, 2017-жылы Манас университетине тарых факультетине тапшырып өтпөй калгам. Бир жыл бою даярданып, кийинки 2018-жылы кайрадан кирүү сынагына катышып, бул жолкусунда ийгиликтүү университетке докторантурага кабыл алындым. Чындыгында, кыргызстандык күчтүү синологдор Муратбек Иманалиев, Таалай Бейшеналиев, Кубаныч Жусаев агайлар ж.б. кытай жазмаларында кыргыздар жөнүндөгү көптөгөн илимий иштерин жазып келишкен. Ошондуктан, мен да ошол агайлар сыяктуу синолог адис болуу максатымды алдыма коюп, өлкөмдүн синология илимине өзүмдүн кичинекей болсо да салымымды кошууга бел байладым. Ошентип, тарыхка, анын ичинде кыргыздар тууралуу жазылган маалыматтарды изилдөө иштерине кызыгуум артып жүргөн учурда 2019-жылы Бишкек шаарында чоң иш чара өттү. Кыргыздын белгилүү тарыхчысы, публицист жана журналист, тарых илимдеринин кандидаты, профессор Кыяз Молдокасымов жетекчилик кылган бул иш чарада КРнын Президентинин администрациясына караштуу “Мурас” коомдук фонду кытайлык кесиптештер менен биргеликте Кытай башчысы Си Цзиньпиндин республикабызга иш сапарына келгендигине байланыштуу илимий-конференция өткөрүштү. Мен ушул иш чарага котормочу катары катыштым. Бүткөн соң Кыяз агай менен тааныштым. Кыяз агай да тарыхка болгон кызыгуумду арттырып, Кытай коомдук илимдер академиясынын университетинде эски кытай, манжур тилдерин үйрөнүү сунушун айтты. Ошентип, 2020-жылы Кытайда тарых жаатында магистратураны окууну баштадым, ал кезде карантин болгондуктан сабактар онлайн түрүндө жүргүзүлүп, Кытайга баруу кажети болбоду, бул өз учурунда менин Манастагы ишимди, докторантурамды, жана Кытайдагы магистратураны бир учурда чогуу алып барууга мүмкүнчүлүк түздү. Кытай менен Кыргызстандын убактысы ортосунда 2 саат айырмачылык болгондуктан, Кыргызстан сааты боюнча эрте менен саат 6дан баштап Кытайдагы сабактарымды алып, күндүзгү убакытта болсо, жумушум менен Манастагы докторантурамды окуп жүрдүм. 2023-жылы ушул эле “Мурас” фондунун колдоосу менен Кытайга илим сапарына жол алдым.

- Ылайым ошол максатыңызга жетиңиз. Темабызга кайталы. Азыркы күндө республикабыздын көптөгөн окуу жайларында кошуналардын тилин үйрөтүп жаткан факультеттер, ошолорду аяктаган студенттерибиз да аз эмес. Алардын арасында сизди ээрчигендер болбодубу?

- Ырас айтасыз. Бүгүн Кыргызстандын көптөгөн жогорку окуу жайларында кытай тили боюнча жаштарыбыз окуп жатышат. Бирок, көпчүлүгү окууну бүткөн соң бизнес, котормочулук ж.б. жаатына кетип калып жатышат. Илимге, тарых изилдөө иштерине баш баккандары аз, жокко эсе десем да болот.

- Ананчы, илим изилдөө чындап чымырканууменен сабырды талап кылат. Айрыкча азыр бүт баары акча менен салыштырып, өлчөнүп жаткан бүгүн илимге кызыккандар өтө аз. Анын үстүнө илимдин натыйжасы да кыска убакытта чыга калса кана десеңиз?

- Ооба, “Илим изилдөө ийне менен кудук казгандай” деп бекеринен айтылбаган эмеспи. Аутенттүү тарыхый булактарга таянып чыныгы илимий макала жазуу абдан көп убакыт жана түйшүктү талап кылат экен.

- Жогоруда белгилегениңиздей агайлар сизди элибиздин, мамлекетибиздин тарыхы, келечек үчүн илим изилдөөгө салым кошкон болосуң дешип илим сапарына аттандырышкан турбайбы?

- Дал ошондой болду. Азыркы учурда тарых илим жаатында бир магистратура жана докторантура программалар аяктап, тарых боюнча экинчи докторантурамды окуп жатам.

- Канат, синолог-тарыхчы катары айтыңчы. Чындап эле кыргыздар жөнүндө тарыхый жазма булактарында маалыматтар көппү?

- Мен өзүм изилдеген доорго гана жооп бере алам. Менин изилдеген доорум Кытайдын акыркы династиясы болгон Цин династиясынын доору. Бул доорго тиешелүү көптөгөн тарыхый кытайча булактарда жана манжурча архивдик документтерде кыргыздар тууралуу көптөгөн маалыматтар бар.

- Демек, андай тарыхый булактар менен таанышуу үчүн байыркы жана азыркы кытай тилинин ортосундагы “тосмолор” бар турбайбы?

- Азыркы колдонулган кытай тили менен Цин доорундагы кытай тилинин да айырмасы бар. Албетте, булактарды окуп түшүнүү үчүн ал тилди да терең үйрөнүү керек. Ал эми манжур тили бул такыр башка тил. Бүгүнкү күндө дээрлик жок болуп калган тил болуп саналат.

- Анда сизге байыркы кытай тилин үйрөнүүгө туура келиптир да?

- Ооба. Негизи 2018-жылдан тартып, байыркы кытай тилин үйрөнө баштаган болчумун. Жогоруда айткан иш чарада Кыяс Молдокасымов агай кыргыздардын тарыхы дагы 3 миң жыл нарыраак жылып жаткандыгы тууралуу жазылган бир макала жөнүндө айткан болчу. Буга чейин Цыма Сыяндын берген маалыматы боюнча кыргыздар жөнүндө б.з. ч 201-жылда алгачкы жолу тарыхый булактарда эскерилгендиги туурасында кабарыныздар бар. Ушул тарыхый булактын негизинде Ас-



кар Акаевдин убагында 2200 жылдыгын белгилегенбиз. Ал эми Кыяс агай айткан макалага таянсак, кыргыз тарыхы дагы 7 кылым эрте деп жазылып жатат. Макаланы болсо жөнөкөй катардагы окумуштуу эмес. Кытайда чоң абройго ээ Юй Тайшан деген чыгаан тарыхчы жазып жатпайбы. Ал азыр 90 жашта. Ошол адам биз кыргыздар тууралуу макаланы мындан он жыл мурда жазып коюптур. Ал макалада “ цзюаньхан” деген эл бар экен деп айтылат. Ушул сөздү эски кытай тилиндеги “кыргыз” деген сөздүн транслитерациясы болгон деген көз карашты билдирген. Деген менен, автордун бул гипотезасы дагы да көз карандысыз булактардын негизинде такталууга тийиш.

Азыр мен изилдеп жаткан илимий ишим Кытайдын акыры Цин династиясынын доорундагы (1644-1911 -жылдар) мезгилдеги кыргыздар менен кытайлардын карым-катнашы десем туура болот. Жогорудагы мезгилдеги маалыматтар, жүргүзүлгөн иш кагаздары Кытайдын биринчи архивинде сакталган. Чынын айтсам ал жерде миллиондогон архивдик маалыматтар бар. Анын ичинде кыргыздар тууралуу маалыматтарда көп.

- Сөзүңүзгө аралжы, ошол кошуналардын биринчи архивине биз тууралуу көптөгөн маалыматтар кайдан барып калышы мүмкүн?

- Бул суроону тарыхка кызыккандар менден көп сурашат. Негизи Чыгыш Түркестан XVIII кылымдын орто ченинде Цин тарабынан каратылган. Алар Кашкар аркылуу кыргыздар, казактар жана Кокон хандыгы менен соода-сатык жүргүзүп, алакада болушкан. Ошол соодегерлери аркылуу, алар менен бирге келген элчилери жана башка адамдар бул аймактагы элдердин жашоо-турмушу тууралуу маалымат алып турушкан. Ал маалыматтарды отчет катары императорго жиберишкен. Андай маалыматтар бүгүнкү күндө жогоруда айтканыбыздай Кытайдын биринчи тарыхый архивинде сакталып турат. Бул архивдик документтер XX кылымдын аягынан бери илим чөйрөсүндө колдонула башталган.

- Тарыхчы катары сиз да ошол №1 архивге кирүүгө кызыгып жүрсөңүз керек?

- Бул тилегим турмушка ашкан. Мен ошол архивде илимий ишимди улантуудамын. Ал жерде кыргыздар тууралуу 3000ге жакын архивдик документтер бар. Алар Цин империясынын убагындагы маалыматтар болуп эсептелет.

- Сиз ошол тарыхый маалыматтарды изилдеп жатыпсыз да?

- Ооба. Бирок кызыгы ал маалыматтардын дээрлик көпчүлүгү манжур тилинде. А манжур тили жок болуп кеткен тилдердин катарына кирет. Кытайлардын арасында болсо манжур тилин билгендер да дээрлик аз.

- Демек, сизге манжур тилин да үйрөнүүгө туура келип жатыптыр да?

- Ошондой. Негизи тил жагына караганда манжурлардын тили Алтай тил тайпасына кирип кетет. Моңголдордукуна жакыныраак. Түрк тилдери менен да орток сөздөр коп колдонулган. Бул жагынан мага жеңил болду. Анын үстүнө, манжур тили кандайдыр бир деңгээлде кытай тилинин да таасири астында өзгөрүүгө дуушар болгон. Мен алгач, өзүмдүн кытайлык жетекчимдин сунушу менен ошол маалыматтарды колдонуу менен адыгыне урууснун Ажы бийдин ишмердиги тууралуу маалыматтарды изилдөөгө кириштим. Ал тууралуу макалам ОшМУнун жарчысынан чыкты. Ажы бий тууралуу маалыматтардын арты менен мен кыргыздар тууралуу дагы көптөгөн тарыхый маалыматтарга ээ болдум. Мен колдонгон манжурча документтерде Анжияндын тегерегинде кыргыздар отурукташканы, дыйканчылык, соода-сатык менен алектенишкендиктери маалымдалат. Аны менен катарда ошол учурда Фергана чөлкөмүндө Ажы бий менен кокондук Ирдана бийдин таасиир күчтүү экениди айтылат. Экөө таасир талашууда бири-бири менен кадимкидей атаандаш болгондугу баяндалат.

Анжияндын төрт беги кыргыз беги Ажы бийге баш ийгендиги, Кокондун Ирдана бийи да кыргыздарга таасирин өткөрүүгө аракет кылып жаткандыгы туурасында да жазуулар бар. Ирдана бий аймакта кыргыздардын таасирин жоготуу максатында Цин империясынын императоруна “кыргыздын бийлиги коркунуч жаратып жатат” деген мааниде кат жазат. Ошол эле учурда Ажы бий да ушундай эле мазмундагы каты менен императорго элчи аркылуу кат жиберген. Каттын мазмунунда Бухарадан баштап Кашкарга чейин кыргыздардын башын бириктирген хандык кылам деген оюн айтат. Кытай элчилери императорун жиберген маалыматтардын арасында Кокон хандыгы жаңыдан түптөлүп жаткандыгы, ага карабай Фергана өрөөнүндө кыргыздардын саясий жактан таасири күчтүү экендиги жазылган. Дагы бир баса белгилеп кетүүчү жагдай, императорго жиберилген маалыматтардын арасында кыргыздар уруулар өзүнчө бийлери тарабынан башкарылгандыгына карабастан, аларга сырттан кооптуулук пайда болгон учурда, бир ууч муштумга бириге алыша тургандыгы тууралуу пикирди байкоого болот. Ушул эле нерсе Цин империясы Чыгыш Түркестанга бастырып киргендеги кырдаалда даана байкалган. Ушундай эле көз караш орус тарыхчыларынын эмгектеринде да айтылат. Мисалы, Чокон Валихановдун эмгектеринде да Цин империясы Чыгыш Түркүстанга бастырып киргенде Орто Азия элдери, анын ичинде кыргыздар каапырлар бастырып келе жатат деп бириккенге аракет кылышат. Ошол мезгилде Адигине уруу биримдиги түзүлөт. Ага адигине менен бирге ичкилик уруулары жана башкалар кирген. Андан тышкары Анжияндын бектери баш ийгендиги жазылган. Демек мындан кыргыздардын таасири Анжиян аймагында күчтүү болгондугунан кабар берет.

(уландысы бар)

Маектешкен:
Нуркамил Абдуллаев,
Ноокат району